гор. библиотека

# БАЙЧЕЧЕКЕЙ

ISSN 0239508

БӨБӨКТӨР ЖУРНАЛЫ

10•2018



Тынар ТЫНЫБЕКОВАнын сүрөтү

# СӨЗ БАШТАГАН ТАМГАЛАР



**А** – тоо-түзгө минип чабамын,

**Б** – издесем – көлдөн табамын.

**Д** – бул жокто жылбайт араба,

**У** – жайылып жүрөт бадада.



**О** – ызгаарда үйдү жылытат,



**Ж** – эл коргоп чекте турушат.

**С** – отуруп сабак жазамын,

**Э** – бул баадан дайым качамын.

**И** – бул өзү үйдүн калпагы,

**Т** – ун кылат буудай-арпаны.










# СӨЗ БАШТАГАН ТАМГАЛАР

**Ш** – кыздардын жүрөт мойнунда,

**Г** – жазында жайнайт ой-кырда.

**В** – ичинде дайым гүл турат,

**Р** – от бүркүп көккө умтулат.



**И** – кайтарат үйдү, короону,

**К** – кандай өң туунун боёгу.

**Ч** – үйү бар окшош коңулга,

**Ө** – эки "төө" дайым жонунда.

**З** – бүркүттөр салат уясын,

**Ы** – илебин жайда туясың.



*(ат, балык, дөңгөлөк, үй, от, жоокер, стол, эки, чатыр, тегирмен, шуру, гүл, ваза, ракета, ит, кызыл, үлүл, өркөч, зоока, ысык).*



# КУШТАРДЫН ЧАТАГЫ

## (жомок)

Күндөрдүн биринде куш таптаган мүнүшкөр-саятчы токойго тор жайды. Ага ала карга, кара карга, таранчы, көгүчкөн сыяктуу канаттуулар түшүп калды.

Ары жулкунушту, бери жулкунушту, бирок тордон чыга алышпагандан кийин өз ара акылдашып калышты.

- Оңой жемге кызыгып, торго түштүк. Буга өзүбүз гана күнөөлүүбүз. Эми баарылап аракет кылсак, амал ойлосок, тордон чыгып кетүүбүз мүмкүн, - дешти. Баары тең бул акылды туура табышты.

Ошентип, ары ойлонушуп, бери ойлонушуп акыры мындай бүтүмгө келишти: бардыгы тең жапырт канат күүлөп торду көтөрүп учуп кетишмек болушту.

Айткандай эле бардыгы канаттарын күүлөгөндө тордун казыктары жулунуп, өзүлөрү асманга учуп чыгышты.

Ушул учурда саятчы келип, торун көтөрүп учуп бараткан куштарды көрүп, алардын артынан чуркап жөнөдү. Куштар ансайын катуулап учушту, саятчы да чуркаганын тездетти бир кезде:

“Торго түшкөн куштар ар түркүн. Бара-бара бири-бири менен чатакташа кетиши мүмкүн. Ошентип алар ыргылжың болушуп жакшы учушпайт, ошондо тор аларды жерге алып түшүүшү мүмкүн” деген ойго келди саятчы.

Дал ошондой болду. Куштардын арасында чатак башталды.

Саятчы да жетип, түшүп келаткан тордун танабынан кармап тартып, торду жерге түшүрдү. Оюу ордунан чыкканга ичинен кымындады.

Ошентип, саятчы куштарды тордон чыгарды да, үйүнө алып келип, балдарына берди. Балдары аларды капаска салып коюшту.

## ТАБЫШМАКТУУ СУРООЛОР

1. Өткөн күндөрдүн атын жана санын атабай туруп, бир жуманын ичинен беш күндү айтып бергиле?

(мурдаа күнү, кечээ, бүгүн, эртең, бүрсүгүнү)

2. Досторкондо чоң энеси, небере кызы, эки кызы жана эки энеси менен тамактанып олтурушат. Булардын баардыгы канча?

(Үчөө: чоң эне, эне жана кызы)

3. Сан менен жазсаңар да, үч тамга менен жазсаңар да үч орундуу кандай санды билесиңер?

(жүз, 100)

## Уйкаштырып өзүң тап!

Сүрөт тартсак, таламдаш
Ал албетте... карандаш
Кыйын экен жумушка
Анын аты ... кумурско
Булгабастан эч жерин
Таза туткун ...
Микробду билебиз,
Тазалыкты ...

*Сейиткул НАЗАРОВ.*

## *Ким макалды так билет?*

***1. Катуу сөз – камчы,***
***Жылуу сөз – ...***

а) үзөңгү
б) укурук
в) куюшкан

***2.Досуң берген малдын тишин...***

а) санаба
б) тазалаба
в) ачпа

***3. Айранын ичкен – кутулат,***
***Челегин жалаган – ...***

а) кармалат
б) тутулат
в) колго түшөт

***4. Күрүчтүн аркасы менен күрмөк ...***

а) өсөт
б) гүлдөйт
в) суу ичет

***5. Сабаасына жараша – бишкеги.***
***Сакалына жараша – ...***

а) кайчысы
б) боёгу
в) искеги

***6. Бербестин ашы ...***

а) кайнабас
б) бышпас
в) кур жалак.

# Биздин куттуу мектепте



Күздө шаңга бөлөнөт
1-Май айлыбыз.
Чогулабыз мектепке
Балдар-кыздар баарыбыз.

Ким умтулса билимге,
Бак-таалайга бөлөнөр!
Бизди ушинтип үйрөтөт
Гүлзинадай эжелер.

*Сокулук районундагы Р.Мамыралиев орто мектебинин 3-классынын окуучулары.*




# КИРПИ ӨТҮКЧҮ

Кирпи деген өтүкчү
Иштүүлүгүн карматып,
Тиге берди күнү-түн
Бут кийимди жайнатып.
Алуучулар ашыгып,
Аларында тандашып,
Оңу-солу баарынын
Калганын айт алмашып.

Уйку көрбөй бул үчүн
Канча мээнет короду.
Өтүкчүнүн өнөрү
Өтпөй калса болобу?
Кана эмесе, досторум,
Эрингенди коёлу.
Оңу чыгар өзү эле
Солду бөлсөк оболу.

*Токтосун* САМУДИНОВ

## ЖООБУҢАРДЫ ТЕКШЕРГИЛЕ

**Кроссворд "ГҮЛ ТААЖЫСЫ"**

1. Капка. 2. Зоока. 3. Мончо. 4. Түтүн. 5. Түлкү. 6. Көлмө. 7. Көмүр. 8. Сүрөт. 9. Күрмө. 10. Сөйкө. 11. Көмөч. 12. Кайчы.

**УЙКАШТЫРЫП ӨЗҮҢ ТАП**

Карандаш, кумурска, дептериң, сүйөбүз.

# Келгиле,

## Гүл ичинде эмне бар?

Бул көңүлдүү оюнга 2-3 бала катыша алат. Ал үчүн кубик (өкчөгүч) жана жылдыргыч фишка (топчу) керек. Өкчөгүчтө канча сан чыкса, фишка ошо санга жараша жылат.




*Оюндун максаты – марага биринчи жетүү.*

- ***КЫЗЫЛ*** тегерекче–жебе көрсөткөндөй жыл.
- ***САРЫ*** тегерекче – артка үч кадам.
- ***КӨК*** – бир жүрүштү өткөр.
- ***ЖАШЫЛ*** – кошумча бир жүрүш.

ойнойлу!


мара
50
8
9
10
11
12
13
14
15
16
17
18
19
20
33
34
35
36
42
43
44
45
46
47
48
49



# КУРДАШТАРЫҢ СҮЙЛӨШӨТ

## ЗООПАРКТА

- Ата, пилдин эки куйругу бар экен, ээ! - деди Атабек зоопаркка биринчи келгенде.
- Бири-алдында, экинчиси - артында...

## ЖӨЖӨЛӨРДҮ ЧЫГАРАМ

Жумуртка чегип жаткан Жумабекке атасы кайрылды:
- Ой кокуй, жумурткаларды эмне эле жарып жатасың?
- Жөжөлөрдү сыртка чыгарайын деп...

*Вахап УМАРОВ.*

## КОРКТУМ

Атама бир окуяны айтып бердим.
- Мен окууга баратсам, бир ит жолумду тосуп өткөрбөй койду.
- Кайдагы ит, катыгүн! - деп чочуп кетти.
- Ырылдаган үнү жаман экен?
- Энеңе эмдеттиңби, жүрөгүң түшүп калган сыяктуу, балам.
- Түшкөн жок, ата. Чочуп ойгонсом - сиз коңурук тартып жатыпсыз.
Атам да, мен да күлүп жибердик.

*Тилек КАРИМОВ.*

# Өзбек балдарынын "Гунча" журналы – мейманда.

QIRG'IZ BOLALARIDAN




*Rasmni teskari aylan-tirib tomosha qiling!*

## SAVODSIZ RUCHKA

– Bektemir, ruchkangni berib tur, darsimni tayyorlab olay.

– Ruchkang bor-ku. Nega menikida yozmoqchisan?

– O'zimniki ko'p xato qiladi-da...



## JAVOB

Sobir maktabdan kelganida bobosi savolga tutdi:

– Bugun o'qituvching doskaga chiqardimi?

– Ha, – dedi Sobir uncha xushlamay.

– Nimalarni so'radi?


– Derazada turgan gulni nega sindirding, deb.



Rasmlar muallifi: **Najot JO'RABOYEV**

***Shahnoza KARIMOVA*** tarjimasi

# Сурат тарта бил!






# Дарбазаны түз мээле!



# Кроссворд "ГҮЛ ТААЖЫСЫ"

1. "Дарбазанын" маанилеши. 2. "Асканын" маанилеши.
3. Эл жуунчу жай. 4. Мордон чыккан жылуу аба.
5. Куу - митайым жаныбар. 6. Суу токтогон чуңкур.
7. Кара отун.




8. Бир нерсенин кагаздагы элеси.
9. Сырт кийим.
10. Кулакка тагылчу кооз жасалга.
11. "Нандын" маанилеши.
12. Кагаз, кездеме кесчү буюм.



Т.МИДИНОВ

*(Жообу ушу санда)*



Бул Санкт-Петербург шаарынын сүрөтү. Пушкиндин поэмасынын аталышына ылайык император Петр Биринчинин эстелиги "Жез атчан" деп аталат.

***Бош орунга кайсы куракча туура келет?***



# ӨЗҮҢӨР БОЁГУЛА






© "Байчечекей" - бөбөктөр журналы
№ 10 (411), 2018
1977-жылдан бери чыгат

Баш редактору
Токтосун САМУДИНОВ

Д.МУРЗАКАРИМОВ - жооптуу катчы
Н. АХМЕДУЛИН - бөлүм редактору
Ж.ТОКТОГАЗИЕВ - көркөм редактор
А. ДЖАТАЕВА - тех. редактор, дизайнер

Терүүгө 01.09.2018-ж. берилди.
Басууга 30.09.2018-ж. кол коюлду.
Кагаздын бычымы 60х84 1/8.
1,68 шарттуу басма табак,
1,0 физ. басма табак,
2,3 эсеп басма табак.
Тиражы 6500 экз.
Заказ №634.

Дареги: 720031, Бишкек ш.,
С. Ибраимов көчөсү,24
4-кабат, тел.: 0(312)59-16-43, 0(312)59-15-21

Келишим баада.
"Учкун" ААК басмаканасында
басылды.



© "Байчечекей" журналынын
укугу мыйзам аркылуу корголот.
Редакциянын уруксатысыз
материалдары көчүрүлүп басылбайт.



Кымбаттуу ата-энелер, мугалимдер,
кичинекей достор!

"Байчечекей" журналы ай сайын чыгат. Үзбөй алам десеңер – Абонемент баракчасын кылдат толтуруп, анан кесип алып, почта бөлүмүнө өткөргүлө. Ошондо 6 ай бою журнал сандары үйүңөргө келип турат!

Учурда жазылуу жүрүп жатат.

Индекс – 77305
6 айга 95 сомдой.

Жазылгыла! Шашылгыла!